# №31 Ж. Татыкулов атындагы билим берүү комплексинин аккредитация боюнча портфолиосу

# Аккредитацияга талап кылынган документтердин тизмеси

| № | Документтин аталышы | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Арыз | 3 |
| 2 | Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы №31 Ж. Татыкулов атындагы билим берүү комплексинин аккредитациядан өткөрүү үчүн өзүн-өзү баалоону уюштуруу жөнүндөгү буйругу | 1 |
| 3 | Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү | 1 |
| 4 | Уставдын көчүрмөсү | 1 |
| 5 | Окуу планы (түшүндүрмө каты менен) | 1 |
| 6 | Мектептин өнүгүү планы | 1 |
| 7 | Аннотация | 1 |
| 8 | Мектептин портфолиосу | 1 |
| 9 | Өзүн-өзү баалоо маалымдамасы (тиркемелери менен) | 1 |

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министрлиги**
**Ботобекова Сабира Рахманжановнадан**
*(БУ жетекчиси)*

# АРЫЗ

**"№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси"-мекемесин**

(юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт)

*программалык* аккредитациядан өткөрүүнү суранат.

Уюштуруучулук-укуктук формасы **мекеме**
Менчик формасы **мамлекеттик**
Юридикалык дареги **"№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси"-мекемеси**
(юридикалык жак катталган дарек көрсөтүлөт)

Жайгашкан жери **Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Бирдик айылы, Сулайман Жантаев көчөсү №4**
(билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн дарек көрсөтүлөт)

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН) **02509200310309**

Юридикалык жакты каттоо (кайрадан каттоо) датасы **12. 07. 2021**

Программалык аккредитациялоо үчүн билим берүү программалары (*керектүүнү белгилөө*):

□ орто жалпы

Билим берүү уюмунун
жетекчисинин телефон номери: **996700262844**

Билим берүү уюмунун
электрондук почтасынын дареги: **zh.tatykulov@mail.ru**

Мектептин сайты: **https://tatykulov.mektebim.kg/**

Тиркелет: өзүн-өзү баалоо боюнча отчет ____б.

2021-жылдын 23-ноябры

МО

(кол тамга)

Ботобекова С. Р
(аты-жөнү)

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министрлиги**
**Ботобекова Сабира Рахманжановнадан**
*(окуу жайдын жетекчиси)*

**АРЫЗ**

**“№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси”-мекемесин**
(билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн юридикалык жактын толук аталышы)

институционалдык аккредитациядан өткөрүүнү суранат.

Уюштуруу-укуктук формасы: **мекеме**
Менчик түрү: **мамлекеттик**
Юридикалык дареги: **“№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси”-мекемеси**
(юридикалык жак катталган дарек көрсөтүлөт)

Жайгашкан жери: **Кыргыз республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Бирдик айылы, Сулайман Жантаев көчөсү №4**
(билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн дарек көрсөтүлөт)

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери: **02509200310309**

Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) датасы: **12. 07. 2021**

Билим берүү уюмунун жетекчисинин телефон номери: **996700262844**

Билим берүү уюмунун электрондук дареги (почтасы): **zh.tatykulov@mail.ru**

Мектептин сайты: **https://tatykulov.mektebim.kg/**

Тиркелет: өзүн-өзү баалоо боюнча отчет_____б.

2021-жылдын 23-ноябры

М.О. _____________ (кол тамгасы) Ботобекова С. Р (аты-жөнү)

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министрлиги**
**"№31 Жумалы Татыкулов атындагы**
**билим берүү комплекси"-мекемесин**
(БУ аталышы)

**Билим берүү уюмунун аккредитациядан өтүүсү жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө**
**АРЫЗ**

**"№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси"-мекемеси**

(юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт)

аккредитациядан өтүү жөнүндө **2018-жылдын « 5 » июль № 894/1**
сертификатын кайра тариздөөнү суранат, тиркеменин номери **№СС190002972**
сериясы **2018/1031**

Уюштуруучулук-укуктук формасы **мекеме**
Менчик формасы **мамлекеттик**
Юридикалык дареги: **"№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси"-мекемеси**
(юридикалык жак катталган дарек көрсөтүлөт)

Жайгашкан дареги жери: **Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Бирдик айылы, Сулайман Жантаев көчөсү №4**
(билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн дарек көрсөтүлөт)

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН)
**02509200310309**
Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) датасы **12. 07. 2021**
төмөнкүгө (*керектүүсүн калтыруу*):
- юридикалык жактын аталышынын өзгөрүлүшүнө байланыштуу;
- юридикалык жактын кайра түзүлүшүнө байланыштуу.

Арыз ээсинин телефон номери (факсы):
**996700262844**
Арыз ээсинин электрондук почтасынын дареги: **zh.tatykulov@mail.ru**
Мектептин сайты: **https://tatykulov.mektebim.kg/**

Тиркелет: сертификаттын көчүрмөсү

Толтуруу датасы **2021-жылдын «23» ноябры**
М.О.

Жетекчинин аты-жөнү: **Ботобекова С. Р**
(кол тамгасы)

Ноокен району
Шайдан айылдык округу
№31 Ж. Татыкулов атындагы
билим берүү комплекси

Ноокенский район
Шайданский сельский округ
образовательный комплекс
№31 им. Ж. Татыкулова

Ноокен району Алма айылы Бирлик участкасы С.Жантаев көчөсү тел. 6-00-21 э/а zh.tatykulov@mail.ru

# Буйрук №79

17.12.20 Бирлик айылы

**№31 Ж. Татыкулов атындагы билим берүү комплексин институционалдык жана программалык аккредитациядан өткөрүүдө өзүн-өзү баалоо комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө**

№31 Ж. Татыкулов атындагы билим берүү комплексин институционалдык жана программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралар жөнүндө КРнын өкмөтүнүн "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо жөнүндө 2020-жылдын 30-мартындагы №189 токтомунун 2-пункту, Билим берүү жана Илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №905/1 буйругуна, мектептин педагогикалык кеңешинин 16.12.20-жылдын №3 токтомуна негиз

**буйрук кыламын:**

1. КРнын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №905/1 буйругу аткарууга алынсын.
2. КРнын өкмөтүнүн "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым мисалдар жөнүндө" 2020-жылдын 30-мартындагы №189 токтому менен бекитилген укук ченемдик актыларды ишке ашыруу максатында, токтомдун 2-пунктуна ылайык иш алып барылсын.
3. Ж. Татыкулов атындагы билим берүү комплексинде билим берүү уюмдарына коюлуучу талаптарга ылайык өзүн-өзү баалоо комиссиясы төмөнкүдөй курамда түзүлсүн.
   1. Ботобекова С-мектептин директору, комиссиянын төрайымы.
   2. Кандаралиева А-окуу бөлүмүнүн башчысы, төрайымдын орун басары.
   3. Эшкозуева Н-тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, мүчөсү.
   4. Кулматова Н-соц.педагог, мүчөсү.
   5. Анарбаева А-УБ жетекчиси, мүчөсү.
   6. Эргешова Г-ата-энелер комитети, мүчөсү.
   7. Кадыров А-айыл башчы, мүчөсү.
   8. Курванбекова С-окуучу, мүчөсү.
   9. Кадырбаев З-чет тили мугалими, катчы.
4. Комиссиянын курамына билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарга ылайык мектептин ишмердүүлүгүн баалап чыгуу жана портфолиосун түзүү милдеттендирилсин.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Негизи: министерствонун буйругу.

Мектеп директору ________________ Ботобекова С. Р.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

Жалал-Абад облусунун Юстиция башкармалыгы
каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

121450 -3303-М-е
каттоо номери

22454535
ИУЖК коду

02509200310309
идентификациялык салык номери

Жалал-Абад
шаары

2021-жылдын 12-июлу

**Юридикалык жактын фирмалык аталышы:**
"№31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси"- мекемеси

**Уюштуруучулук-укуктук формасы:** мекеме

**Жайгашкан жери (дареги) :** Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Бирдик айылы, Сулайман Жантаев көч., №4.

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы:**25.09.2003

сериясы **ГПЮ**

№ 0042208

**Начальник**
жетекчиси

**К. Салихов**
аты, фамилиясы

Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгы
юридикалык жакты 12- июлу 2021 жылы
мамлекеттик кайра каттоодон өткөрдү
Күбөлүктүн сериясы жана номуру 0042208
Алгачкы каттоо күнү 25.09.2003
Управление юстиции Жалал-Абадской области
12 июля 2021 года
произвело государственную перерегистрацию
юридического лица
серия и номер свидетельства 0042208
Дата первичной регистрации 25.09.2003

БЕКИТИЛДИ
Ноокен райондук билим
берүү бөлүмүнүн буйругунун
2021-жылдын 30-июнундагы
№217/2

# №31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси мекемесинин
# У С Т А В Ы.

**2021-жыл**

# 1. Жалпы жоболор.

**1.1.** №31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси (мындан ары – мекемеси ) Уставы Кыргыз Республикасынын “Жалпы билим берүү уюму жөнүндө”, “Билим берүү жөнүндө”, “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө”, “Мугалимдин статусу жөнүндө” Мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актылардын негизинде иштелип чыккан.

**1.2. Билим берүү комплексинин фирмалык толук аталышы:**
**Мамлекеттик тилде:** №31 Жумалы Татыкулов атындагы билим берүү комплекси мекемеси
**Расмий тилде:** Учреждение Образовательный комплекс № 31 имени Жумалы Татыкулова

**1.3. Билим берүү комплексинин кыскартылган аталышы:**
**Мамлекеттик тилде:** №31 Ж.Татыкулов атындагы билим берүү комплекси мекемеси
**Расмий тилде:** Учреждение Образовательный комплекс № 31 имени Ж.Татыкулова
**Билим берүү комплексинин юридикалык дареги:** Кыргыз Республикасы, Жалал –Абад облусу, индекс 715508, Ноокен району, Шайдан айылдык аймагы, Бирдик айылы Сулайман Жантаев көчөсү №4

**1.4. Жалпы билим берүү комплексинин ишмердүүлүгү** “Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү Жобого”, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министрлигинин мыйзамдык, нормативдик актыларына жана ушул Уставга негизделип жүргүзүлөт.

**1.5.** Билим берүү комплекси мамлекеттин үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү катары мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана негизги билим алуу, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу шарттарын түзөт.

**1.6. Билим берүү комплексинин иши төмөнкү принциптерге негизделген:**

- Өлкөнүн бардык жарандарынын сапаттуу билим алууга болгон укуктарынын теңдиги;
- Гумандуулук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын үстөмдүгү;
- Жарандуулук жана патриоттук;
- Билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- Окутуунун динден тышкаркы мүнөзү;
- Жоопкерчилик жана натыйжалуулук.

**1.7. Билим берүү комплексинин максаттары төмөндөгүлөр:**

- Коомдун билимге болгон социалдык заказын түзүү процессине катышуу;
- Окуучулардын гуманитардык билимин өнүктүрүү;
- Жаңы педагогикалык усулдарды иштеп чыгуу жана окуу процессине киргизүү;
- Окууга шыктуу жана жөндөмдүү балдарды аныктоо, алардын жеке жөндөмүн өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана эл аралык билим берүү стандарттарына жакындаштыруу;
- Окуучуларда өз алдынча өнүгүүгө умтулууну пайда кылуу жана өнүктүрүү;
- Коомду өнүктүрүүгө чыгармачылык менен катышууга, жөндөмдүү, ар тараптан өнүккөн, патриоттук идеялык ишенимге ээ инсанды тарбиялоо.

**1.8. Билим берүү комплексинин башкы милдеттери:**

- Окуучунун акыл – эс, адеп – ахлак, аң-сезим жана дене түзүлүшү жагынан өнүгүшүнө, анын шык жөндөмдөрүн толук ачылышына бардык ыңгайлуу шарттарды түзүү;
- Аң – сезимди өнүктүрүүгө окутууга, окуучуларга англис тилинен, информатика, техникалык кесиптерден жана атайын спорт класстарынан, күндүзгү бөлүмдөн билим алууга мүмкүнчүлүгү жок окуучулар үчүн, сырттан окуу класстарынан мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына жооп бере ала турган деңгээлде тереңдетилген билим берүүгө багыт алуу;

- Жаш муундарда адептүүлүктүн, демократиялык ой жүгүртүүнүн, окуудагы активдүүлүктүн жана жөндөмдүүлүктүн негиздерин пайда кылуу;
- Аларда париоттук сезимди, адамдык сыймыкты, өз алдынча ой жүгүртүүнү, чынчылдыкты жана башка адамдык жакшы сапаттарды тарбиялоо;
- Окуучулардын өздүк жакшы сапаттарын сактоо менен бирге аларды физикалык жана психикалык жактан гармониялуу өнүктүрүү, алардын тынымсыз өзгөрүп турган социалдык кырдаалдарга байыр алышын жана курчап туган чөйрө менен активдүү өз ара карым – катнашта болууга даярдыгын камсыз кылуу;
- Педагогикалык жаңы усулдарды мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштеп чыгуу жана окуу процессине кийирүү.

## 2. Билим берүү комплексинин ишин уюштуруу

**2.1.** Билим берүү комплексинин юридикалык жак катары уставы, эсептөө жана башка эсептери, мамлекеттик жана (же) расмий тилдеринде көрсөтүлгөн аталышы жана дареги жазылган мөөрү, бурч – мөөрү (штампы), бланктары жана бекитилип берилген мүлкү бар уюм.

**2.2.** Билим берүү комплексинин атынан башка юридикалык жактар же жеке жарандар менен уставга жана мыйзамга карама – каршы келбеген ар кандай келишимдик мамилелерди түзүүгө, ошондой эле окуучулардын ата – энелеринин өтүнүчтөрү боюнча уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде акылуу, окутуучу (компенсацияланууучу) класстарды ачууга укуктуу.

**2.3.** Так жана гуманитардык илимдерди терендетип окутуу, сырттан окутуу класстары жана атайын спорт класстары менен иш алып барууда билим берүү комплекси төмөндөгүлөргө укуктуу:

- Иштеп табылган каражаттарды өз алдынча жумшоого;
- Окуучуларды жөндөмүнө жана психофизикалык жактан жарактуулугуна карап конкурстук негизинде тандап алууга;
- Предмет мугалимдерин жана тарбиячыларды Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин негизинде өз алдынча (контрактык негизде) жумушка алуу жана жумуштан бошотууга.

**2.4.** Билим берүү комплексинин ишмердүүлүк мөөнөтү чектелген эмес.

**2.5.** Окуучулардын акысыз медициналык тейлөөсүн саламаттыкты сактоо органдары тарабынан жалпы билим берүү уюмуна атайын бекитилген медициналык кызматкер жүргүзөт. Уюм атайын бөлмө ажыратат, региондук органы дарылоо каражаттары менен камсыздайт.

## 3. Билим берүү процесси

**3.1.** Билим берүү комплекси төрт баскычтан турат:

1-баскыч: балдар бакчасы, (мектепке чейинки билим берүү, тилдерди терендетип окутуу);

2-баскыч: 1-4- класстар (башталгыч жалпы билим берүү)

3-баскыч: А) 5-9 – класстар (негизги жалпы билим берүү)
Б) 9- класс (сырттан окуу класстары);

4-баскыч: А) 10-11 – класстар (жалпы билим берүү):
Б)10-11- класстар ( сырттан окуу класстары).

**3.2.** Мектепте окуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлөт.

**3.3.** Мектеп үчүн аптада 5-күндүк иш режими билим берүүү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылып уставда белгиленет.

**3.4.** Мектептин окуучуларынын контингентин мектеп жайгашкан аймактагы айыл аймактар менен биргеликте эсепке алынган мектеп жашындагы даярдоо классына кабыл алуу, окуучулардын окууга болгон даярдыгын эске алуу менен жүргүзүлөт.

**3.5.** Билим берүү комплексинде мындан тышкары тилдерди үйрөтүүчү курстар, компьютердик курстар, айдоочу, тракторист, токарь, сварщик, жыгач уста, чач тарач, тигүүчү, ашпозчу ж.б. кесиптерге окутуп, тиешелүү документтерди берүүчү курстар түзүүгө болот.

- Балдар бакчасы тарбиялануучуларга ылайыкташкан типтүү шарттары бар;

- Билим берүү комплекси үч кабаттуу 705 орундуу имаратта жайгашкан. Андан тышкары өз ичине 2 залды (спорт, актовый) камтыйт.

**3.6.** Билим берүү комплексинде окутуу – тарбиялоо иштери Кыргыз Республикасынын билим берүү Министрлиги тарабынан белгиленген жана бекитилген базистик окуу пландарынын негизинде, ошондой эле алдыңкы тажрыйбалуу педагогдор тарабынан жеке тариздe иштелип чыккан программа боюнча жүргүзүлөт.

**3.7.** Билим берүү комплекси окутуу процессин уюштурууда өз алдынчалыкка ээ. Комплекс өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, билим берүү жөнүндөгү Мыйзамдын негизинде өзүн–өзү башкаруунун айкындуулуктун, демократиянын принциптерине таянып жүргүзөт.

**3.8.** Окуу жылы 1–сентябрда башталып, 25–майда аяктайт, ал эми 1-сентябрга чейин 6 жашка толгон балдарды жана кыздарды 1-класска кабыл алуу 25-августка чейин бүтүрүлүп, комплекстин директорунун буйругу менен ар бир окуучуга өздүк дело жазылат. Комплекстеги көчүрүү жана бүтүрүү экзамендери төмөндөгү тартипте өткөрүлөт:

- 4-8- жана 10-класстарда: 25-30- майда;
- 9-жана 11– класстарда 2-20-июнда;
- Сырттан окутуу класстарында: 2-20-июнда;

**3.9.** Окуу жылы 4 окуу чейректерине бөлүнөт:

1-чейрек 1-сентябрдан 1-ноябрга чейин;
2-чейрек 10-ноябрдан 31-декабрга чейин;
3-чейрек 12-январдан 21-мартка чейин;
4-чейрек 1-апрелден 25-майга чейин;

11-классты аяктаган бүтүрүүчүлөр, Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык билим берүү комплексинин Герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн орто билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү аттестат алышат.

Негизги жана орто мектепти «эң жакшы» деген баалар менен аяктаган бүтүрүүчүлөр мамлекеттик үлгүдөгү артыкчылык күбөлүктөрүн жана аттестаттарын алышат.

## 4. Билим берүү процессинин катышуучулары

### Окуучулар, алардын укуктары жана милдеттери:

**4.1.** Билим берүү комплексинин окуучулары төмөндөгү укуктарга ээ:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына, КРнын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамына ылайык мамлекеттик стандарттын деңгээлинде акысыз жалпы орто билим алууга;
- Кошумча билим берүү кызматынан, анын ичинде акы төлөнүүчү кызматтардан да пайдаланууга:
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан белгиленген тартипте акысыз тамактанууга жана медициналык тейлөө кызматынан пайдаланууга;
- өз кызыгууларына жараша класстан жана мектептен тышкары предметтик же спорттук ийримдерге катышууга;
- Уставда каралган тариздe билим берүү комплексинин өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана балдар уюмунун иштерине катышууга;
- билим берүү комплекстин администрациясына жана ата-энелер комитетине класс жетекчиси же мугалими тарабынан адилетсиз кабыл алынган чечимди кайрадан карап чыгуу жөнүндөгү өтүнүч менен кайрылууга;
- инсандык кадыр-баркынын урматталышына, маалымат жана сөз эркиндигине;
- окуу программасынын деңгээлинен алда канча жогорку терең билими менен кийинки класска мөөнөттөн мурда которулууга;

- жалпы негизги жана жалпы орто мектепти аяктаганда билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерди өз учурунда алууга;

**4.2. Билим берүү комплексинин окуучулары милдеттүү:**

- билим берүү комплексинде белгиленген жүрүш-туруш нормаларын кыйшаюсуз сактоого;
- мугалимдерди жана билим берүү комплексинин башка кызматкерлерин урматтоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлиндеги билим берүү программаларын толук өздөштүрүүгө;
- билим берүү комплексинин ички тартибин сактоого. Мугалимдерге, директордун, педагогикалык кеңештин буйруктарына жана чечимдерине баш ийүүгө, ошодой эле класс жамаатынын жана өзүн – өзү башкаруу уюмунун чечимдерин аткарууга;
- жылына бир жолу медициналык кароодон өтүүгө;
- билим берүү комплексинин мүлкүн сактоого, өзүнүн жана жолдошторунун буюмдарына аяр мамиле кылууга;
- тырышып окуусуна, өзүн үлгүлүү алып жүрүүгө, билим берүү комплексинин коомдук турмушуна активдүү катышууга;
- өзү бузган билим берүү комплексинин мүлкүн, жабдууларын оңдоп калыбына келтирүүгө же алардын өзүнө турган наркын берүүгө;
- сабактарда мугалимдерди кунт коюп угууга, башка иштер менен алек болбоого, мугалимден уруксатсыз класс бөлмөсүнөн чыкпоого;
- ата-энесине жана өзүнөн улууларга урмат көрсөтүүгө, үй иштерине жардам берүүгө, кичүүлөргө камкордук кылууга;
- кийим-кечесин тыкан кийип жүрүүгө, артыкча ыксыз жасанбоого, билим берүү комплексинин педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген мектеп формасында келүүгө;
- өзүнүн, жолдошторунун ден соолугуна жана өмүрүнүн коопсуздугуна кам көрүүгө;
- билим берүү комплексине өз убагында, сабактан кечикпей келүүгө жана жүйөлүү себепсиз сабактан калбоого;
- билим берүү комплексинин окуучуларына коомдук-саясий жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө мүчө болууга жана алардын иштерине агитациялык компанияларына катышууга кескин тыюу салынат.
- Окуучуларды сабактардан коомдук тапшырмаларды аткаруу иштерине, спорттук жана башка иш-чараларга бошотуу мектеп директору тарабынан жазма түрүндө буйрук чыгаруу аркылуу ишке ашырылат.
- Мугалимдерге дайым баш ийбегендиги, комплекстин уставын жана жүрүш-туруш эрежелерин көп жолу одоно түрдө бузгандыгы үчүн 15 жашка чыккан окуучуларга жазалоонун эң акыркы - чарасы мектептен чыгаруу чарасы колдонулат. Бул чара жөнүндөгү чечим билим берүү комплексинин педагогикалык кеңеши тарабынан райондук ички иштер бөлүмүнүн өспүрүмдөрдүн иштери боюнча комиссия менен макулдашуу аркылуу ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен бирдикте кабыл алынат.
- Окуучуларга карата күч жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга тыюу салынат.

**4.3. Мугалим милдеттүү:**

- билим берүү комплексинин бардык кызматкерлери сыяктуу эле окуу жылынын башында медициналык кароодон өтүүгө:
- мугалимдик этиканы сактоого, билим берүү комплексинин уставын аткарууга:
- ар бир сабакка кылдат даярданууга, керектүү конспектилерди, көргөзмө куралдарды даярдоого:
- окуучуларга илимдердин негиздеринин бекем билимин сиңирүүгө, аларда таанып билүүгө болгон кызыгууну жана шык-жөндөмдү өнүктүрүүгө:
- окуучулардын ден соолугуна камкордук кылууга, алардын жеке өзгөчөлүктөрүн, жашоо шарттарын изилдеп үйрөнүүгө, ата-энелер жана коомчулук менен тыгыз байланышта болууга:
- өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин жана педагогикалык квалификациясын жогорулатуунун үстүнөн талыкпай иштөөгө:
- өз жүрүш-турушуна жана кийген кийимине олуттуу мамиле жасап, окуучуларга өрнөк болууга:
- мугалим окуучулардын билим сапатынын деңгээлине жана тарбиясына жоопкер.
- Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмуна иштөөгө жол берилбейт.

**4.4. Мугалим укуктуу:**

- өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын «Мугалимдин статусу жөнүндөгү мыйзам» боюнча алып барууга:
- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, билим берүү программаларын, окуучулардын билимин баалоо усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- окутуу-тарбиялоо процесин жакшыртуу жана өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө, окутуунун эффективдүү формаларын колдонууга, өз предмети боюнча акы төлөнүүчү факультативдик курстарды уюштурууга;
- өзүнүн педагогикалык даярдыгынын жана ден соолугунун деңгээлине жараша саат санын окутуга жана ошол саат санына жараша эмгек акысын алууга;
- өз кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды жана зарыл болгон жабдууларды администрациядан талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан каралган социалдык жардамдардан жана жеңилдиктерден пайдалануга.

**4.5.** Негизги иштен тышкары мугалимдерге директордун буйругу менен окуу кабинеттерине, өнөрканаларга, тажрыйба участокторуна жетекчилик милдети жүктөлүшү мүмкүн;

**4.6.** Мугалим эмгек кодексин бузган, өзүнүн кызматтык милдеттерине салкын мамиле кылган, тапшырылган ишти бир нече жолу аткарбаган жана жүйөлүү себептерсиз сабактарды калтырган учурларда директор укуктуу:

- Мугалимге эскертүү берүү, менен, эмгек китепчесине жазуу менен сөгүш жарыялоого;
- Окутуу сааттарынын көлөмүн кыскартууга;
- Ар кандай сыйлыктар менен сыйлануу укугунан ажыратууга;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин негизинде жумуштан бошотууга.

**4.7. Балдар бакчасынын тарбиячысы:**

- Жаш бөбөктөргө алардын аң-сезимин жана акыл-эсин калыптандыруучу усулдарды колдонуу менен окутуу-тарбиялоо иштерин алып барат;
- өз ишмердүүлүгүн мекеме кабыл алган уставдын, ата-энелер менен түзүлгөн келишимдин жана педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынган программасынын негизинде жүргүзөт;
- ар бир тарбиялануучунун психологиялык жактан корголушуна жооп берет.

**4.8.** Мугалимдер жана тарбиячылар өз адистигине ылайык атайын билимге ээ болушу керек.

**4.9**. Ата-энелер балдарды тарбиялоодо жеке жоопкерчиликке ээ. Алар билим берүү комплексинин окутуу-тарбиялоо процессинде эң биринчи жардамчылар.

**Ата-энелер укуктуу:**

- өз балдарын окутуу үчүн өздөрү каалаган мектепти тандоого;
- балдарынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде билим алуу укугунун сакталышын талап кылууга;
- ата-энелер комитетинин жана камкордук кеңешинин толук укуктуу мүчөлөрү болууга;
- билим берүү комплексинин ишинжакшыртуу боюнча суроолорду берүүгө жана сунуштарды киргизүүгө;
- ата-энелердин ыктыярдуу төлөмдөрүнөн түзүлгөн камкордук кеңешинин фондунун материалдык, акчалай каражатын жумшоого катышууга;
- уставда чектелген таризде билим берүү комплексинин коомдук турмушуна жана сабактан тышкаркы ар кандай иштерине катышууга.

**Ата-энелер милдеттүү:**

- балдарынын дене түзүлүшү жагынан өнүгүшүнө, ден соолугунун чың болушуна кам көрүүгө;
- балдарына билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүп берүүгө, алардын күндөлүк режимин уюштурууга, алардын өз бош убактыларын пайдалана алуусуна жардам көрсөтүүгө жана эс алуусун туура уюштурууга ;
- тарбиячынын, билим берүү комплексинин мугалиминин жана класс жетекчисинин кадыр – баркын жогору көтөрүүгө, балдарда эмгекке карата урматтоо жана сүйүү сезимин тарбиялоого;
- өз балдарын жашынан иреттүүлүккө, тартипке жана коомубуздун жашоо нормаларына үйрөтүүгө жана балдарын мектеп формсасында жөнөтүүгө.
- ата – энелер комитетинин ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатууга.

**4.10.** мыйзамга ылайык ата – энелер мектеп имаратына жана курулуштарына, эмеректерине, окутуу жабдууларына жана башка билим берүү комплексинин мүлкүнө зыян келтирген балдары үчүн материалдык жоопко тартылышат.

**4.11**. Алар ошондой эле «Билим берүү жөнүндө» мыйзамга ылайык балдарынын мектепке калбай жана кечикпей келиши үчүн жоопкер жана мындай тартип бузуулар болгон учурларда жалпы ата – энелер чогулушунда ошого жараша моралдык жазага тартылууга милдеттүү.

## 5. Билим берүү комплексин башкаруу.

**5.1.** Билим берүү комплексин башкаруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамдын, «Билим берүү жөнүндө» типтүү Жобонун жана билим берүү комплексинин уставынын негизинде демократия, ачык-айкындык, өз алдынчалык жана мамлекеттик – коомдук кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

**5.2.** Комплексте тең башкаруунун тариздери болуп курамына мугалимдер жамаатынан, ата-энелерден, жергиликтүү коомчулуктан жана окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунан делегаттар кирген жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, ата-энелер комитети саналат.

**5.3**. Кеңеш:

- билим берүү комплексинин уставына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө сунуш кылат;
- билим берүү комплексинин иштеринин ар кыл багыттары боюнча комиссияларды түзөт жана алардын ыйгарым укуктарын дайындайт;

Кеңештин мүчөлөрү өз милдеттерин коомдук иш катары (акысыз) аткарышат. Билим берүү комплексинин администрациясы жана мугалимдер жамааты анын чечимдерин сөзсүз аткаруга милдеттүү.

**5.4**. Билим берүү комплексине түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат.

**5.5**. Билим берүү комплексинин директору Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат жана ээлеген кызматынан бошотулат. Директорлук кызматка жогорку педагогикалык билими бар, пенсия жашынан өтпөгөн, 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар, Республиканын билим берүү жаатындагы нормативдик укуктук актыларды, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү каржылоону билген Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат.

**Билим берүү комплексинин директору:**

- мамлекеттин, ата-энелер комитетинин алдында өзүнүн кызматташтык милдеттерине, эмгек келишимине, билим берүү комплексинин уставына ылайык жекече түрдө жоопкер;
- жергиликтүү мамлекеттик билим берүү органынын макулдугу менен билим берүү комплексинин өнүгүү багытын аныктап, ишке ашырат, иштин сапаты жана эффективдүүлүгү үчүн жооп берет. Жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;
- администрациялык-аткаруу органдарында жана башка мекемелерде өзү башкарган комплекстин укуктары менен кызыкчылыктарын коргойт;
- мугалимдерди жана жумуштан техникалык персоналды тандоону жана жумушка кабыл алууну жүргүзөт жана жумуштан бошотот, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;
- жергиликтүү билим берүүнү башкаруу органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирге иш жүзүнө ашырат;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыздайт;
- мугалимдердин кесиптик жактан өсүшүнө шарт түзөт жана аларды аттестациялайт, кызыктыруу фондунун акчасынын адилеттүү бөлүнүшүнө көзөмөлдүк кылат;
- билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документтерди тапшырууну уюштурат, аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндөгү маалыматтардын тактыгын камсыздайт жана ал үчүн жооп тартат;
- балалыкты коргоо, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;
- билим берүү комплексинин жалпы каржылык-чарбалык иштерин жетектейт жана көзөмөлдөйт;

- комплекстин эсебине келип түшкөн гранттарды, ата-энелерден чогулган ыктыярдуу төлөмдөрдү, кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди камкордук кеңеши менен бирге сарамжалдуу пайдаланууну уюштурат жана ал үчүн жооп берет
- билим берүү комплексинин материалдык-техникалык базасынын эсебин алуу жана сактоо үчүн, техникалык коопсуздук жана санитардык-тазалык режимин сактоо үчүн, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоопкер;
- комплексте өрткө каршы жана техникалык коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин ден соолуктарына жана өмүрлөрүнө коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат;
- кызматтык милдеттерине, жалпы билим берүү комплексинин уставына жана Кыргыз Республикасынын укуктук актыларына ылайык башка милдеттерди да аткарат.

**5.6.** Директордун орун басарларын, материалдык жоопкер кызматкерлерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу директордун сунушу боюнча райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин негизинде жүргүзүлөт.

**5.7.** Директордун орун басарлары Мектеп Кеңешинин мүчөлөрү болушу, ар кандай комиссиялардын курамына кириши жана комиссияларга жетекчилик кылышы мүмкүн. Алар жылына бир долу Кеңеш алдында өз иштери жөнүндө отчет беришет.

**5.8. Балдар бакчасынын башчысы:**

- Балдар бакчасына бөбөктөрдү кабыл алууну уюштурат, балдар бакчасынын тарбиялык жана чарбалык документациясын алып барат;
- Балдар бакчасынын күндөлүк режимин түзөт жана анын кыйшаюусуз, так аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Тарбиялануучулардын жеке коопсуздугу, алардын туура тарбияланышы, тамагынын сапаты боюнча эрежелердин жана санитардык – гигиеналык талаптардын так сакталышын тарбиячылардан жана техникалык персоналдан талап кылат жана өзү жеке түрдө жоопкерчилик тартат;
- Тарбиялануучулардын ата – энелери тарабынан жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн топтолушун көзөмөлдөйт жана ал каражаттын максаттуу, туура сарпталышына жооп берет жана тиешелүү уюмдарга отчет берет;
- Балдар бакчасындагы өрт жана техникалык коопсуздугу боюнча эрежелердин сакталышына, тарбиялануучулар менен кызматкерлердин өмүрүнө коркунуч келтирген же алардын майып болушуна жана өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша мыйзам чегинде административдик же кылмыш жоопкерчилигине жеке түрдө тартылат.

## 6. Билим берүү комплексинин мүлк жана материалдык – финансылык каражаттар.

**6.1.** Билим берүү комплексинин уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган КРнын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү мектепке бекитип берет.

**6.2**. Билим берүү комплексинин жер үлүшү КРнын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.

**6.3.** Билим берүү комплексине бекитилип берилген мүлк, билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана ээликтен ажыратылышы мумкүн эмес.

**6.4.** Билим берүү комплекси тийишүү билим берүү бөлүмүнүн башчысынын макулдугу менен ашканасын, спорттук залын жана кошумча имараттарын КРнын мыйзамдарына ылайык ижарага жана күрөөгө берүүгө укуктуу.

**6.5.** Билим берүү комплексинин мүлкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп:

- Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- Окуучулардын ата – энелеринин ыктыярдуу мүчөлүк акылары камкордук кеңеш (өлчөмү жана иштетүү тартиби ата – энелер чогулушунда белгиленет);
- Уюштуруучу болуп саналган жекече жана юридикалык жактардын, чет өлкөлөрдүн жана жарандарынын каражаттары;
- Депозиттик салымдардан тушкөн кирешелер;
- Жеке жана юридикалык жактардын анын ичинде чет өлкөлөрдүн да өз ыктыярлары менен кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу төлөмдөрү.
- КРнын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

**6.6.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013 – ж. 30 – майындагы № 302 токтомунун негизинде, Республикалык бюджеттен төмөндөгү чыгымдар каржыланат:

**Жергиликтүү бюджеттен төмөндөгү чыгымдар каржыланат**

Жергиликтүү бюджеттен, жергиликтүү кеңештин чечими менен башка чыгымдарды дагы каржылоого болот.

**6.7.** Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик обектилерине ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчиктик обектилерине да мектептин менчиктик укугу бар.

**6.8.** Билим беруу комплекси өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет. Мектепте көрсөтүлгөн акчалай каражаты жетпей калса анда анын милдеттери боюнча КРнын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

**6.9.** Мугалимдерге иш акысы ставкасы (жетекчинин оклады),кошумча,стимулдук мүнөздүү төлөмдөрүн жана алардын ченемин, штаттык жадыбал жана жетекчилердин милдеттерин бөлүштүрүүнү көзөмөлдөйт.

**6.10.** Мектептин финансылык-чарбачылык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт.

**6.11.** Пенсия жашындагы мугалимдер мектептин директору менен келишим түзөт. Ар бир окуу жылында жаңыдан келишим түзүү, аларга 9-12 саатка чейин сабак берүү жагы каралат.

**7. Эл аралык кызматташтык**

**7.1.** Билим берүү комплекси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте четөлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде волюталык эсептерин ачууга укуктуу.

**8.Билим берүү комплексин жоюу жана өзгөртүп уюштуруу**

**8.1.** Окуу жылынын аягында билим берүү комплекси жоюлса же өзгөртүп кайрадан уюштурулса, жергиликтүү билим берүү бөлүмү окуучулардын ата-энелери менен макулдашып, аларды башка мектептерге которуу боюнча жоопкерчиликти өзүнө алат.

**8.2.** Билим берүү комплексин биротоло жоюу же өзгөртүп кайра түзүү Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинде жана «Юридикалык жактарды, филиалдарды (окулдукторду) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**8.3.** Билим беруу комплексинин иш-аракетинин toktолушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартиптердин негизинде жоюлуу жана кайрадан түзүлүү жолу менен жүргүзулөт.

**8.4.** Билим берүү комплексинин иш-аракетин токтотуу жөнүндөгү чечим уюштуруучусу тарабынан кабыл алынат.

**8.5.** Билим берүү комплексинин иш-аракетинин токтотулушу юридикалык жактардын мамлекеттик Бирдиктүү реестирине жоюлган туралуу тийиштүү маалымат киргенден соң иш-аракети токтотулган болуп саналат.

**8.6.** Билим берүү комплексинде иш алып баруу процессинде пайда болгон документтер, Кыргыз Республикасынын «Улуттук архивдик фонд» жөнүндөгү мыйзамынын негизинде аткарылып жана тийиштуу мекемелерде сакталат.

**Комплекс директору:** **С.Р.Ботобекова**

Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгы
Номерленгени, тигилгени жана моор басылганы бардыгы 2021 ж. 12 - шопу баракта
Управление юстиции Жалал-Абадской области
Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено на 12 шопу листах 2021 г.

**Макулдашылды**
Ноокен РайББнүн башчысы
Н.К. Олжобаев ____________
2020-ж "____" ________
Каттоо
№____________

**№31 Ж. Татыкулов атындагы билим берүү комплексинин 2020-2021-окуу жылына түзүлгөн I жарым жылдык үчүн окуу планы.**

| № | Сабактын аталышы | Даяр. кл А,б | 1а,б | 2а,б | 3а,б | 4а,б | 5а.б | 6а,б | 7 | 8а,б | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 10 | 12 | 14 | 14 | 14 | 10 | 8 | 3 | 6 | 2 | 2 | 3 |
| 2 | Орус тили | 4 | 6 | 6 | 6 | 6 | 4 | 4 | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 |
| 3 | Чет тили | | | | 4 | 4 | 10 | 8 | 3 | 4 | 2 | 2 | 2 |
| 4 | Математика | 6 | 8 | 10 | 10 | 12 | 8 | 8 | 4 | 8 | 4 | 4 | 4 |
| 5 | Мекен таануу | | 2 | 2 | 2 | 2 | | | | | | | |
| 6 | Адеп | | 2 | 2 | 2 | 2 | | | | | | | |
| 7 | Сүрөт | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | | | | |
| 8 | Табият таануу | 2 | | | | | 2 | | | | | | |
| 9 | Биология | | | | | | | 4 | 1 | 4 | 2 | 1 | 1 |
| 10 | Химия | | | | | | | | | 4 | 2 | 2 | 2 |
| 11 | Физика | | | | | | | | 2 | 4 | 2 | 3 | 3 |
| 12 | География | | | | | | | 4 | 2 | 4 | 2 | 1 | 1 |
| 13 | Кыргыз адабияты | | | | | | 4 | 4 | 3 | 4 | 3 | 3 | 3 |
| 14 | Орус адабияты | | | | | | 2 | 2 | 2 | 4 | 2 | 2 | 2 |
| 15 | Музыка | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | | | | |
| 16 | Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы | | | | | | 4 | 4 | 2 | 4 | 2 | 2 | 2 |
| 17 | Адам жана коом | | | | | | 2 | 2 | | | 2 | 1 | 1 |
| 18 | Аскерге чейинки даярдык | | | | | | | | | | | | |
| 19 | Дене тарбия | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 2 | 4 | 2 | 2 | 2 |
| 20 | Информатика | | | | | | 2 | 2 | 1 | 4 | 1 | | |
| 21 | Технология | 2 | | | | | 2 | 2 | 1 | 2 | 1 | | |
| 22 | Турмуш жашоонун негиздери | | 2 | 2 | 2 | 2 | | | | | | | |
| 23 | Инклюзивдик окутуу. | | | | | | | | | | | | |
| 24 | Мектеп компоненти | | | | | | 2 | | | 2 | | | |
| | Баары | 30 | 40 | 44 | 48 | 50 | 58 | 60 | 30 | 60 | 30 | 27 | 28 |
| | Вакант | АЧД - 4 саат | | | | | | | | | | | |

№31 Ж Татыкулов атындагы биим берүү комплексинин 2020-2021-окуу жылына түзүлгөн 1-жарым жылдык үчүн окуу планы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 буйругу менен бекитилген. 2020-2021 -окуу жылы үчүн окуу планынын негизинде кабыл алынды.

Комплекс директору: Ботобекова С

**2020-жылдын 18-июну №475/1**

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2020/2021-окуу жылы үчүн базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 «Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 12-июнундагы 3/2 коллегиясынын чечиминин негизинде, окуу-тарбия процессин уюштурууда, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын аткаруу максатында **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2020-2021-окуу жылы үчүн тиркелген базистик окуу пландары бекитилсин (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8-тиркемелер).

**2.** Мектеп жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы (М.Усеналиев) жана Кыргыз билим берүү академиясы (А.Токтомаметов) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн бекитилген базистик окуу пландарынын ишке ашырылышын камсыз кылышсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 23-майындагы №616/1 2019-2020-окуу жылы үчүн «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу планын бекитүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

**4.** Бул буйрукту «Кут Билим» гезитинин редакциясы (К. Чекиров) расмий жарыяласын.

**5.** Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектепте жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгына (М.Усеналиев) тапшырылсын.

## ПРИКАЗ

## МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Об утверждении Базисных учебных планов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на 2020-2021 учебный год

**№475/1 от 18 июня 2020 г.**

В целях исполнения Закона Кыргызской Республики «Об образовании по организации учебно-воспитательного процесса в общеобразовательных организациях, постановления Правительства Кыргызской Республики от 21 июля 2014 года №403 «Об утверждении Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики» и на основании решения коллегии Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 12 июня 2020 года №3/2 **приказываю:**

**1.** Утвердить прилагаемые Базисные учебные планы общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на 2020-2021 учебный год (Приложения 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8).

**2.** Управлению школьного и внешкольного образования (М. Усеналиев) и Кыргызской академии образования (А.Токтомаметов) обеспечить функционирование утвержденных базисных учебных планов в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики независимо от форм собственности.

**3.** Считать утратившим силу приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 23 мая 2019 года №616/1 «Об утверждении Базисных учебных планов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на 2019-2020 учебный год».

**4.** Редакции газеты «Кут Билим» (К.Чекиров) обеспечить официальное опубликование данного приказа.

**5.** Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на Управление школьного и внешкольного образования (М. Усеналиев).

**Министр К. ИСАКОВ**

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2020/2021-окуу жылына карата Базистик окуу планына

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

2020-2021-окуу жылдын Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 "Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 "Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна (6-тиркемедеги Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана талаптар «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар») жана Кыргыз Республикасынын территориясында билим берүү тармагына тийиштүү болгон ченемдик-укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан ченемдик-укуктук документ болуп саналат.

